# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ РЕФОРМАСЫНДАГЫ ЖАҢЫЛАНУУ БАГЫТЫ*

## *Renewal Aspect of Education Reform in the Kyrgyz Republic*

***Gülzada JUMAŞOVA*****
***Aida ABDURASULOVA*** ***

***Аннотация***

*Макалада бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасындагы билим берүү реформасындагы жаңылануу багытындагы негизги артыкчылыктар, мүмкүнчүлүктөр, оорчундуу көйгөйлөр каралган. Билим – бул мамлекеттин өнүгүү стратегиясын башкаруудагы жол көрсөтүүчүсү. Ошондуктан жаштарды келечекке даярдап жаткан соң алардын ички дүйнөсүн, көз караштарын жана адамдык сапаттарын да жаңы коомду өзгөртүп куруп башкара ала турган даражага көтөрүү милдетине мамлекет да көңүл борборун бурушу өтө маанилүү. Ал эми билим берүү мекемелеринде жаштардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн гана өнүктүрбөстөн, келечекте мамлекетти башкарууга даярдашыбыз зарыл. Макалада тарыхый, коом таануучулук жана социалдык-экономикалык багыттагы жалпы билим берүүнүн биздин жашап жаткан коомчулуктун жергиликтүү дэңгээлдеги баардык кырдаалдарга жоопкерчиликтүү жана өнүгүү процессинде берилген мүнөздөмөсү катары каралгандыгы айтылган.*

***Негизги сөздөр:*** *Билим Берүү, Реформа, Мамлекет, Мектеп, Педагогика.*

***Abstract***

*Today innovation in education reform in the Kyrgyz Republic, the main advantages of the opportunities provided, pressing problems. Education is a national development strategy. Therefore, youngsters are prepared for future and their selfness, attitudes and human qualities of a level to build a new company to change control is essential to pay attention to the responsibility of raising the state's center. However, educational institutions thinking of young people's self-development, governance of the state is necessary to prepare the morning. Historical sociology and socio-economic trends in general education who live in our community and local levels of responsibility in all situations, and served as a developmental process characteristics.*

***Keywords:*** *Education, Reform, Government, Schools, Pedagogy.*

---

* Макаланын келген күнү: 16.03.2019 – Макаланын басууга кабыл алынган күнү: 09.05.2019

** Гүлзада ЖУМАШОВА, доцент ОшМУ. Кыргызстан, jumasha83@mail.ru, ORCID: 0000-0003-3894-7366.

*** Аида АБДУРАСУЛОВА, окутуучу ОГПИ. Кыргызстан, abdurasulova.aida@inboks.ru, ORCID: 0000-0002-1811-1791.

## Киришүү

Турмуш ар дайым тынымсыз кыймылда болуп тургандыктан, анын бардык тармактарында да заманбап өзгөрүүлөрдүн болуп турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мына ошондой артыкчылыктуу багыттардын бири-билим берүү тармагы экендигине жалпы коом өз учурунда көңүл буруп, аны жаңылануу зарылдыгына басым жасады. Анткени, мамлекеттин кубаттуу, күчтүү болуусу үчүн анын ар бир жараны билимдүү, жогорку маданияттуу болушу шарт. Ошондуктан, билим берүү-бардык ведомстволордун, бүт өлкөнүн жана коомдун милдети.

Эгемен Кыргыз Республикасында акыркы мезгилдерде билим берүү реформасын жүргүзүүнүн бир топ концепциялары сунуш кылынды. Албетте, эл агартуу багытындагы өзгөчө маанилүү бул документтер жөн жерден эле пайда боло калган жок. Жаңылануу багытында белгиленген, бүгүнкү күндө кечиктирбей чечүүчү максат-мүдөөлөрдүн бирин турмушка ашырууга жасалган реалдуу кадам болуп эсептелет. Терең мааанилүү бул документтерде билим берүү системабыздын бүгүнкү күндөгү абалы күзгүдөн чагылдырылгандай таамай-так көрсөтүлүп, эч бир жымсалдоосуз талдоодон өткөрүлүүсү зарыл.[1]

Билим берүү бүгүн улуттук коопсуздуктун, көз карандысыздыкты сактоонун бирден-бир маселесине айланып олтурат. Бул чөйрөнү оң жолго салбай туруп, өлкөнүн жаркын келечегин куруу мүмкүн эмес. Билим берүү иши эч качан бала бакча менен тарбиячынын, мектеп менен мугалимдин, жогорку окуу жайы (ЖОЖ) менен доцент, профессорлордун гана бүт өмүрлүк иши, баш көтөрбөй аткарар жумушу болбош керек. Келечек муунду тарбиялоо буга чейин «эл чарбасынын өзүнчө бир тармагы катары

1 А. Бекбалаев. Билим берүү реформасы-Жаңылануу багытынын жаңы бийиктиги (Bilim berüü reforması-Jaŋılanuu bagıtının jaŋı biyiktigi) // *Кыргыз туусу гезити*. №34. 26.06.2009. 15-б.

каралып, ошондон улам анын өнүгүшүнө жалгыз Билим берүү жана илим министрлиги жооп берет»,[2] - делип келинген эле. Мындай мамиле, албетте, жарабай калды. Билим берүү жаатындагы өзгөртүү ишине бардык мамлекеттик структуралар, бизнес, улуттук элита, акыры ата-энелер катышууга тийиш.[3] Бул, албетте, билим берүү көйгөйүнө карата жасалган жаңыча мамиле. «Билим берүү жалпыбыздын ишибиз» деген сыяктуу үстүрт ураандын ордуна билим берүү эң биринчи кезекте конкреттүү уюмдар менен өлкөнүн иши экендигин баса белгилениши зарыл. Бул да болсо маселеге жаңы өңүттөн, жаңы бийиктиктен мамиле жасоонун айкын күбөсү. Билим берүү өлкөнүн келечеги менен өтмө катыш ажырагыс байланышта экендиги да баса белгиленет.

Кризистен кийинки өнүгүү маалында ким жаңы инновациялык үлгүнү мыкты жана озунуп өздөштүрүп кетсе, мөрөйдү ошол алары анык. Ошону менен бирге, «инновация» деген бир гана жаңы технологияларды пайдалануу эмес, эң оболу өз мүмкүнчүлүктөрү менен ресурстарына башка көз карашты калыптандыруу да болуп саналат. Демек, билим инновациялык саясаттын негизги механизми болуп калууга тийиш.[4] Билим берүү системасындагы инновациялык кадамдар ташталып, иш жүргүзүлө баштады.

Соңку жылдарда мурдагы СССРдин учурундагы бардык көрүнүштөрдү бир беткей четке кагуу өнөкөтү ачык да, тымызын да өкүм сүрүп келгендигин бүгүн жаап-жашыруунун эч бир зарылдыгы жок. Эл агартуу багытындагы бул концепция ошондой бир беткей аракеттен арылуунун зарылдыгын да алдыңкы сапка алып чыгат. «Советтик билим берүү системасына кунт коюп карап, анын биздин милдеттерге жана дөөлөттөргө туура келген тажрыйбаларын

2 А. Бекбалаев. Аты аталган макала. 15-б.

3 Өлкө келечегине, көзкарандысыздыгына доо кетирген эмне? (Ölkө keleçegine, kөzkarandısızdıgına doo ketirgen emne?)// *Агым.* №23. 12.06.09. 10-б.

4 А. Бекбалаев. Аты аталган макала. 15-б.

колдонуу керек».[5] Билим берүү реформасында эмнелерди жасоого болбой тургандыгын так көрсөтүүгө мезгил келип жетти.

## Кыргыз билим берүү системасынын абалы

Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк билим берүү системасына кирүү шартында жогорку кесиптик билим берүүнүн педагогикалык багытындагы социалдык-экономикалык билим берүү бакалавры академиялык даражасына даярдоонун мамлекеттик стандартына ылайык, төрт жылдык мөөнөттө даярдалат. Стандарттын негизинде түзүлгөн окуу планындагы предметтердин сыйымдуулугуна карата кредит сааттар өздөштүрүлөт.[6] Бул да болсо билим берүү жаатындагы жаңы жана жакшы саамалык деп атасак болот. Биз тарыхчы катарында бул ачылган багытты реформалоодогу жаңылык катары баалап, анын студенттерге жеткирүү менен билим берүүбүз зарыл.

Социалдык-экономикалык билим берүү бакалавры жана магистр академиялык даражаларын даярдоодо, жалпы билим берүүчү мектеп компетенттүүлүктөргө ээ болгон педагогду талап кылат. Компетенттүүлүк термини жаңы ойлонуп табылган деле термин эмес, ал барыбызга белгилүү болгондой эле дал келүү, шайкештик дегенди түшүндүрөт. Демек, ааламдаштыруунун шартында дүйнөлүк билим берүү тармагына алакалашууга дал келген, адамзаттын динамикалык өнүгүүсүнөн артта калбай, социумда тең тайлашып катар өнүгүүгө аракет жасаган гумандуу инсанды калыптандыруу маселеси тууралуу сөз болуп жаткандыгын белгилөөгө болот.[7]

5 Өлкө келечегине, көзкарандысыздыгына доо кетирген эмне? (Ɵlkө keleçegine, kөzkarandısızdıgına doo ketirgen emne?) // *Агым.* №23. 12.06.09. 10-б; И.Б. Бекбоев. *Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери* (İnsanga bagıttap okutuu tehnologiyasının teoriyalık jana praktikalık maseleleri). Бийиктик. Бишкек 2011. 129-б.

6 Болочок мугалим мектептен даярдалууга тийиш (Boloçok mugalim mektepten dayardaluuga tiyiş) // *Кут билим гезити.* 15.05.2015. http://kutbilim.kg/2015/05/15/bolochok-mugalim-mektepten-dayardaluuga-tiyish/, (Алынган датасы: 30.04.2019).

7 Ошол эле макала. http://kutbilim.kg/2015/05/15/bolochok-mugalim-mektepten-dayardaluuga-tiyish/, (Алынган датасы: 30.04.2019).

Аталган жаңы багыттагы реформаларды камсыз кыла турган маалыматтык, материалдык-техникалык, методикалык жана финансылык инфраструктураларды түзүү да маанилүү. Буга байланыштуу алыскы региондорго интернетти жеткирүү жана алыстан туруп окутуу боюнча өзүнчө долбоорлорду жайылтуу зарыл. Анткени «материалдык-техникалык, методикалык жана финансылык инфраструктураларын» түптөмөйүн ар кандай аруу иш аракеттер кыйын-кыстоолорго туш болушу мүмкүн.[8]

Билим берүү менен руханий жактан бакубат инсандарды тарбиялоо ишинде азыркы учурдагы мектептердин алдына конкреттүү милдеттерди койууну талап кылууда. Мектеп азыркы технологиялык атаандаштык заманында балдар ийгиликке жетишүүсүнө, балдардын коомдук иштерге жандуу аралашуусуна, мугалимдерге өзгөчө көңүл бөлүү менен заманбап педагог кадрларды даярдоого, мектепте балдарыбыздын чың ден соолугуна негиз салууга шарт түзүү керектигин белгилөө.[9] «Мектеп» деген окуу үчүн эле эмес, өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үлгүлүү социалдык-маданий комплекси болууга тийиш.

Ал эми биз ЖОЖ жөнүндөгү маселелерге токтолгубуз келет. Изилдөөлөр, долбоорлор жана программалаштыруу ЖОЖдордун ишинин жана окутуунун ажырагыс бөлүгү болууга тийиш. Орусиянын жана Батыштын көрүнүктүү жогорку окуу жайлары эң ири илимий борборлор да болуп эсептелишет. М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинде бүгүнкү күндө илимий жетишкендиктери үчүн Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктарга ээ болушкан көптөгөн илимпоздорду айтпаганда да Нобелдик сыйлыктын эки лауреаты иштеп жаткандыгын, атактуу А. Эйнштейн кезегинде Принстон университетинин илимий лабораториясында өзүнүн зор илимий ачылыштарына жетишкендиктерин эске алчу болсок эле ЖОЖдордогу

8 Методикалык сунуштар (Metodikalık sunuştar) // *Кут билим коомдук-саясий гезит.* №24.-25. 18.07.2008. 5-б.

9 К. Жунушалиева. Учурдагы мектепти башкаруунун өзгөчөлүктөрү (Uçurdagı mektepti başkaruunun özgöçölüktörü) // *Шоокум*, №11. 2012.11-б.

Гулзада Жумашова
Аида Абдурасулова

илимий потенциалды иш билги пайдалануу жалпы мамлекет үчүн канчалык маанилүү экендиги өзүнөн-өзү түшүнүктүү болот.10

Мына ошондуктан дүйнөдө кыргыз ЖОЖдорунун дипломдорунун таанылуусуна жетишүү зарыл. Бул үчүн биздин документтерди жана көрсөткүчтөрдү эл аралык стандарттарга жана талаптарга төп келтирүү кажет болгондуктан Болон системасына өтүү боюнча бир топ алгылыктуу иштерди аткарууда. Бирок бул иш-чаралар системалуу жана ийкемдүү жүргүзүлбөй жаткансыйт. Ошондуктан Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан окуу стандарттарынын жаңы үчүнчү муунун даярдоо күн тартибине эң туура коюлуп олтурат.[11]

Өлкө турмушуна жандуу катышкан, анын тарыхын жана маданиятын урматтаган, келечеги үчүн иштөөгө даяр Кыргызстан жаранын калыптандыруу-билим берүү саясатынын түпкү максаты болуусу зарыл.[12] Чындыгында азыркы мезгилде глобалдык атаандаштыкка туруштук берүү үчүн билим берүү системасына ар тараптан колдоо көрсөтүү, мамлекеттин ар бир жараны өз мезгилинин талаптарына, иштеген кесибине ылайык билимге ээ болгудай шарт түзүү керек экендиги күн тартибиндеги биринчи маселе болуп калды. Мында баарыбыз көңүл бурчу нерсе-жоопкерчилик зоналарын так бөлүштүрүү керек экен. Башкача айтканда, мамлекет кайсы маселелер үчүн жооп бериши керек, бизнесмендер менен жарандык сектор кандай милдеттерди аркалай алат, ата-энелердин мүмкүнчүлүктөрү эмнеге жетет, мына ушул сыяктуу маселелерди так аныктап алсак, иш алдыга жылып, максаттар да жүзөгө ашырылышы үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлмөк. Андан ары реформа жүргүзүүнүн механизмдери конкреттештирилип, бардыгы кадрлардын сапатына келип такаларына басым жасалмак.

10 А. Бекбалаев. Билим берүү реформасы-Жаңылануу багытынын жаңы бийиктиги (Bilim berüü reforması-Jaŋılanuu bagıtının jaŋı biyiktigi) // *Кыргыз туусу гезити*. №34. 26.06.2009. 15-б.

11 А. Бекбалаев. Аты аталган макала. 15-б.

12 А. Бекбалаев. Аты аталган макала. 15-б.

Билим берүү чөйрөсүндө буга чейин орун алып келген өксүктөр, көйгөйлүү маселелер илимий тактык менен конкреттүү тастыкталып, алардан арылуунун жолдору ачык-айкын белгиленди. Билим берүү бүгүн-улуттук коопсуздуктун, көз карандысыздыкты сактоонун бирден-бир маселесине айланып отурат. Билим берүү көйгөйлөрү өлкө келечегине, улуттук көз карандысыздыкка, балдарыбыздын тагдырына доо кетириши мүмкүн экен. Бул олуттуу маселе тууралуу жеке эле билим берүү системасында иштегендер гана эмес, өлкөбүздөгү аң сезимдүү ар бир жаран, ар бир ата-эне, айрыкча мамлекеттик жооптуу кызматтарда иштегендер жооптуу болууга милдеттүү.

Биринчи кезекте мектепке чейинки тарбиялоо жана билим берүү системасын кайра жандантып жана заманга ылайыктап, көп балалуу бүлөлөрдү жана мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды колдоого өзгөчө көңүл буруудан баштоо керектигине басым жасалат да, андан ары мектепте билим берүүнү түп тамырынан бери кайра куруп чыгуунун жол-жоболору ийне-жибине чейин талданып чыккандан кийин жогорку билим берүү мектебинин милдеттери менен максаттары да ошондой эле ырааттуулукта конкреттештирилет.[13] Мында да алдыңкы өнүккөн өлкөлөрдөгү билим берүүнүн тажрыйбаларына кайрылуу менен биз да ошол дүйнөлүк стандартка жетишүүбүз керек экендигине жана ага мүмкүнчүлүгүбүз жетишерлигине оптимисттик көз караштар чагылдырылат.

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын дипломдору дүйнөдө таанылуусуна жетишүү зарылдыгына айрыкча көңүл бурулуп, мындан ары орто же жогорку билим жөнүндө диплом алган адистин билими менен жөндөмү ошол дипломго дал келгендей болуусу зарыл деген талаптын коюлушу-бүгүнкү күндө өтө көйгөйлүү жана актуалдуу маселелердин ана башы болуп турган чак. Билим берүүнү өнүктүрүүнүн бул улуттук долбоорундагы идеяларды жүзөгө толук кандуу ашыруу

13 М. Турганбаева. Азыркы шартта айыл мектеби (Azırkı şartta ayıl mektebi) // *Эл агартуу.* №1-2, 2009. 35-б.

үчүн ар кайсы министрликтердин, мекемелердин, жарандык коом жана бизнес өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ түзүлүп, ал топ үч ай ичинде долбоорду иштеп чыгып, мамлекет башчысынын бекитүүсүнө сунуштай тургандыгы да ар тараптан колдоого алынуучу иштиктүү сунуш. Өлкөбүз үчүн мына ушундай саясый жана маданий мааниси зор долбоорду жүзөгө ашырууда баарыдан мурда жогорку окуу жайларынын жамааты активдүүлүктү көргөзүүгө милдеттүүбүз.

## Билим берүү тармагына рыноктук мамиле

Акыркы мезгилдерде билим берүү реформасындагы жаңылануунун дагы бир багыты катарында өлкөбүздө билим берүүдөгү рыноктук мамиле пайда болду. Албетте, бекер окутуу карапайым элге, дегеле бардыгыбыз үчүн жакшы эле, бирок, бул кадам азыркы мамлекеттин экономикалык абалына карата, айла кеткенден кийинки убактылуу кадам болуп жатат да. Азырынча биздин мамлекеттин финансылык абалы чектелүү болгондуктан мугалимдин эмгегин мезгилге канаатташ мамлекет каржылай албай жатат.[14]

Качан гана мамлекет экономикалык жактан Швеция, Финляндия, Норвегия, Германия мамлекеттериндей өнүгүү даражасына жеткенде кайрадан каржылоону өз мойнуна алганы максатка ылайыктуу. Убактылуу бул кырдаалдан ушул жол менен чыгуу туура болоор эле. Бекер деген табиятта жок, кубулуш. Өсүмдүктү өстүрүп түшүм алыш үчүн да жер семирткичтер берип жатпайбызбы. Эт өндүрүүдө малды семиртип жем, чөп сарп кылгандай эле кеп.[15] Мугалим да ошо сыңарындай татыктуу айлык-маянаны талап кылып жатат. «Бербестин ашы бышпас» деген кыргызда жакшы кеп бар. Бул кеп капыстан чыккан сөз эмес. Мугалимди биринчи ички мүдөөсүн канааттандыра алгыдай каржылап, андан

14 Д. Султанкулов. Жаңы багытка канткенде барабыз? Билим берүүнү реформалоо жөнүндө ой (Jaŋı bagıtka kantkende barabız? Bilim berüünü reformaloo jønündø oy) // *Кут билим коомдук-саясий гезит.* 19.10.2015. http://kutbilim.kg/2015/10/19/zha-yi-bagyitka-kantkende-barabyiz-bilim-ber-n-reformaloo-zh-n-nd-oy/, (Алынган датасы: 30.04.2019).

15 А.А. Эргешов. Билими күчтүү миңди жыгат (Bilimi küçtüü miŋdi jıgat) // *Кут билим коомдук-саясий гезит*. №24-25. 12.06.2009. 4-б.

кийин билим сапатын суроо керек. Ошондуктан билим берүү тармагын өзүн-өзү каржылоого мүмкүнчүлүк түзүп берүү маанилүү болуп турган чак.[16]

## Билим берүү реформасынын жүрүшүндөгү кадамдар

Билим берүү реформаларын ишке ашыруу убакыт, энергия жана план-программа талап кылган маанилүү иш болуп эсептелет. Ошондуктан билим берүү тармагында реформа жасоо үчүн кээ бир кадамдардын ташталышына аяр мамиле кылган жакшы болот. Эмесе бул тармакта кандай кадамдардын ташталышы керек экендигине токтололу. Султанкулов бул боюнча төмөндөгүлөрдү сунуштаган:

- Биринчи кадам: реформаны баштоодон мурун коомдук аң-сезимди жаңы багытка буруу максатында бардык массалык маалымат каражаттары аркылуу билим берүү реформасынын идеологиясын жүргүзүү; Бардык кыйынчылыктарга карабастан, мугалимдерди жана ата-энелерди ынандыра ала турган компетенттүү адистер менен республиканын жети облусуна барып, жер-жерлерде педагогикадагы рыноктук мамиле боюнча коомчулук менен түшүндүрүү иштерин ишке ашыруу зарылдыгы турат;

- Экинчи кадам; билим берүүнүн философиясын жаңы заманга (рыноктук, демократиялык, гуманисттик) багыттарга ылайыктап модернизациялоо;

- Үчүнчү кадам: билим берүүнүн мамлекеттик стандартын, окуу план программаларын мезгилге шайкеш иштеп чыгуу; мектептин лабораториялык-практикалык базасын чыңдоо; билим берүүнүн технологияларын педагогикалык кызматташтык менен айкалыштырып эффективдүү пайдалана билүү;[17]

16 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.
17 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.

Бул пикир кыргыз коомчулугунда талкууга алынып, эгер көпчүлүк тарабынан жактырылса пилоттук негизде айрым жерлерде жүзөгө ашырылса жакшы болмок.

## Билим берүүдөгү рыноктук мамиленин илимий-практикалык жаңылыктары

- Жаңылыгы педагогикалык кызматташтыктын (рыноктук мамиленин) эки тараптын бир максатты көздөп бири-бирин колдоосу, көмөктөшүүсү ал кызыкчылыктардын ишке ашырылышы (кызматташуу);

- Мугалим менен окуучунун ортосунда билим жана адам болууга умтулган кызыкчылыктар, педагогикалык-рыноктук мамилелер же таалим-тарбия процессинин натыйжалуу жүрүшү;

- Педагогикалык кызматташтыктын (рыноктук мамиленин) түбөлүктүү адамзат тагдырын көздөгөн баалуулугу, натыйжасынын көзгө көрүнүктүүлүгү, ачык-айкындыгы;

- Педагогикалык кызматташтыктын теория тажрыйбаларынын саясатташпагандыгы, өз ара ыктыярдуу адамдык карым-катнаштан келип чыккандыгы;

- Педагогикалык кызматташтыктын мамлекеттик башкарууну жана мамлекеттин экономикалык, социалдык, саясий маселелерин чечүү боюнча алгачкы билим, көндүмдөрүн калыптандыргандыгы.[18]

Өткөн кылымдын сексенинчи жылдарында эле новатор-мугалимдер теориялык жана практикалык жактан билим берүү процессине рыноктук мамиле (педагогикалык

18 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.

кызматташтык) реформа катары киргенде гана ишке ашаарын далилдешкен:

1. билим берүүдө рыноктук мамиле же педагогикалык кызматташтык дегенибиз, — бул өз ара мугалим менен окуучунун (ата-эненин) ортосундагы ийкемдүү билим жана адам болууга умтулган кызыкчылыктар, максаттуу мамилелер же таалим-тарбия процессинин сапаттык натыйжасы үчүн билим берүүнү башкаруунун эффективдүү жаңы багыты.

2. Бул педагогикалык кызматташуу (өнөктөштүк) мамилени билим берүүнүн рыноктук системасы. Бу жерде эки тараптуу кызыкчылыктар бар. Алар: ата-эненин (окуучунун) финансылык каржылоосу жана мугалимдин сапаттуу билим берүү үчүн жасаган аракети.

3. Сапаттуу билимдин өзөгү эки тараптуу келишимдин туруктуулугунда.

4. Бул педагогикадагы рыноктук мамиле эки тараптын бирдей кызыкчылыктарын, коомдун келечегин, жана адамзат тагдырын көздөгөндүгү менен баалуу.

5. Кызматташтыктын натыйжасы көзгө көрүнүктүү, ачык-айкын.

6. Билим берүүнүн жүрүшүн, анын сапатын, рынок өзү көзөмөлдөйт, коррупцияны жоюуга өзүнөн-өзү мүмкүнчүлүк ачат, анткени ата-энелер, калыс адис-эксперттер аркылуу көзөмөлдөй баштайт.

7. Таалим-тарбия берүүдө мугалимдер ортосунда атаандаштык (конкуренция) түзүлөт, ата-энелердин жоопкерчилиги артып, акыр аягында билимдин кимге кереги бар экенин ата-энелер түшүнүүгө аргасыз болот.

8. Мугалимдин айлык акысын ата-эне түшүнгөндөн соң акырындап өздөрү эле каржылай баштайт. Бирок, бул айлык-маянаны көбөйтүү процессин шашылбастан этап-этап менен, жылдап барып, коомчулук ынангандан соң ишке ашат. Ошентип билим берүү рыноктук системага өткөндө мугалимдин айлык акысы өзүнөн өзү көбөйөт. Мамлекетке жеңилдик болот.

9. Келечекте мамлекет атайын мектептерди курууну, айрым класстарды жана билим берүү мекемелеринин лабораториялык-практикалык базасын чыңдоону гана каржылап калат.

10. Жогорку Кеңеш аркылуу ушундай оомал-төкмөл заманда билим берүү мамлекет жана ата-энелер, ар кандай демөөрчүлөр тарабынан каржыланат деген конституцияга өзгөртүү киргизүү керек.[19]

Мамлекет ушу кыйын шартта мектеп куруп, алардын материалдык базасын түзүп бергени жетишет го. Албетте, бардык ата-энелер деле 100 пайыз баласына каржы төлөп окута алышпайт. Алар үчүн чоң мектептерде, мисалы: жергиликтүү шартка ылайык ата-энелердин катарлаш класстарды каржылоо деңгээлин аныктап, үч категорияга бөлүп, мүмкүн бирөөсүн социалдык класс ачуу зарылдыгы болоор.[20]

Азыркы кезде мугалимге айлык акынын аз, мезгилге ылайык төлөнбөй жатканы баарыбызга белгилүү. Бул проблема да качан билим берүү тармагы рыноктук системага өткөндө өзүнөн өзү чечилээр эле. Конституцияда билим берүү бекер деп жазылган. Конституциядагы «билим берүү бекер», — деп жазылган №45 берененин экинчи бөлүмү боюнча Жогорку Кеңеште талкууланып чечилиши тийиш. Билим берүүдө ушундай радикалдуу кадамга барбасак, билим берүү өнүкпөйт.[21]

19 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.
20 Методикалык сунуштар (Metodikalık sunuştar) // *Кут билим коомдук-саясий гезит.* №24-25. 18.07.2008. 5-б.
21 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.

## Билим берүүнүн менеджменти

Англис тилинен алынган «менеджмент» деген сөз орус тилинин лексикасына терең сиңди жана анын түшүнбөгөн билимдүү адамды таппайсын. Башкарууга байланыштуу атайын окуу китебинде «менеджмент»[22] деген сөз «башкаруу» деген түшүнүк каралат. Чындыгында алардын мазмуну менен ролу коомдо бирдей эле. Бирок биз башкаруу десе эле мурунку бюрократтык командалык системанын убагындагы борбордоштурулган жогорку административдик системанын башкаруусун элестетип кетебиз. Менеджменттин башкаруудан дагы бир айырмачылыгы бул-менеджмент конкреттүү уюм же ишкананы гана башкарат. Ал эми «башкаруу» деген түшүнүк алда канча кеңири: мамлекетти башкаруу, саясий чөйрөдөгү башкаруу, адамдын бардык түрдөгү иштерин башкаруу, дегеле башкаруунун ушул өзгөчөлүктөрү. «Менеджмент» деген сөз жөн эле моданы куугандык эмес, тескерисинче ишкананы башкаруудагы так ордун көрсөтөрүнө күбө. Башкаруу жөнүндөгү көп сандаган адабияттардын пайда болушуна карабастан биздин өлкөдө менеджменттин толук түзүлгөн теориясы жана практикасы жок. Биз бүтүндүк (кандай гана илимий теория болбосун анын баалуулугун түзгөн) деп жөн эле бүтүндүн бөлүктөрүн суммасын эмес, анын менеджменттүүлүгүнө жаңы сапаттарды алып келген, бөлүктөрүнө тиешеси жок өзгөчө биримдигин жана катнашын түшүнөбүз. Ошондуктан кыргыз окумуштуулары менен адистердин алдында өлкөбүздүн башкаруу теориясындагы жетишкендиктерди универсалдаштырылган жана психологиялаштырылган чет өлкөлүк башкаруу теориясын жаңы мазмунда берип, ишканаларыбызда колдоно турган өлкөбүздүн менеджмент теориясын түзүү милдети турат. Атайын функцияларды аткаруу менен менеджерлер ишкананы башкаруунун органы же аппараты болот.[23]

22 М. Турганбаева. Азыркы шартта айыл мектеби (Azırkı şartta ayıl mektebi) // *Эл агартуу*. № 1-2. 2009. 36-б.

23 Э.Т. Авазова. Билим берүү системаларын башкарууга инновациялык мамилелер (Bilim berüü sistemaların başkaruuga innovatsiyalık mamileler) // *ОшМУнун жарчысы.* № 4(2). 2015. 189-б.

Менеджменттин түшүндүрмөсүн берүүдө атайын адабияттарда төмөнкүлөр көбүрөөк кездешет: Менеджмент – бул башкаруунун функцияларын иш жүзүнө ашыруу процесси (пландоо, уюштуруу, мотивациялоо жана көзөмөлдөө); Менеджмент – интеграциялык процесстин жардамы менен профессионалдуу даярдалган адистердин ишти уюштуруусун максат коюп жана ага жетүү үчүн ар кандай ыкмаларды колдонуп башкаруу.[24]

Билим берүү мекемелеринде, билим берүүнүн шаардык башкармалыктарында, райондук билим берүү бөлүмдөрүндө, мектепте коомдун табиятына жараша билим берүүнүн философиясын аныктап, билим берүү саясатын жүргүзүүнүн методологиясын жана таалим-тарбиянын технологиясын иштеп чыгуу менен билим берүүнүн мазмунун-маңызын жаңы багытка буруу милдети турат. Мамлекетти билим берүүнү башкаруудан бөлүп кароого болбойт. Мамлекет акыл-кеңешти билимдин мазмун-маңызынан алат, б.а. аны менен азыктанат. Билим – бул мамлекеттин өнүгүү стратегиясын башкаруудагы жол көрсөтүүчүсү. Ошондуктан жаштарды келечекке даярдап жаткан соң алардын ички дүйнөсүн, көз караштарын жана адамдык сапаттарын да жаңы коомду өзгөртүп куруп башкара ала турган даражага көтөрүү милдетине мамлекет да көңүл борборун бурушу өтө маанилүү.[25] Ал эми билим берүү мекемелеринде жаштардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрбөстөн, эртең мамлекетти башкарууга, аны өнүктүрүүгө жана турмушка даярдоо мезгилдин күч алган көйгөйлөрүнүн башкысы.

Заманбап билим берүүдө жаңычылдык катарында билим берүү системаларын башкарууга инновациялык мамилени талап кылууда. Татаал динамикалык системанын максатка ылайык ырааттуу ишке ашуусун камсыз кылган ишмердүүлүктү башкаруу деп түшүнсөк болот. Мектептин бүт кызматкерлеринин ишин директор жөнгө салат. Мектеп

24 Ф.З. Турдукулов, Э.Г. Касымова. *Менеджменттин негиздери* (Menedjmenttin negizderi). Бийиктик. Бишкек 2006. 20-б; Э.Т. Авазова. Аты аталган макала. 189-б.
25 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.

директорун облустук билим берүү бөлүмү дайындайт. Мектеп директорунун башкаруучулук ишиндеги эң маанилүүлөрү: окуу-тарбия ишин уюштуруу; аны өркүндөтүүнүн жолдорун изилдөө; мектеп коллективинин агартуучулук жана тарбиялоочулук деңгээлин жогорулатуу; мектептин социалдык милдеттерин чечүүгө ата-энелерди жана коомчулукту тартуу; ар бир мугалимдин, ар бир окуучунун өсүп өнүгүүсү жана өзүн-өзү өнүктүрүүсү үчүн ыңгайлуу шарттарды жаратуу ж.б. иштер.[26]

Коомдун өсүп өнүгүүсүнө билим берүүнүн орду өзгөчө, анткени билим берүүнүн мазмунуна жана натыйжасына жараша коомдун, мамлекеттин келечеги аныкталат. Кыргызстандын XXI кылымдагы экономикалык, маданий талабы, кандай деңгээлдеги мамлекетке айланышы бүгүнкү күндө жаш муундарга кандай мазмундагы билим жана тарбия берилгендигине жараша болот. Анткени жашоодо баары өзгөрүп тургандыктан дайыма келечек жаштарга тиешелүү болот. Айрыкча бүгүнкү күндө республикабыз экономикалык өнүгүүнү эң башкы маселеге айландырган учурда, коом өз кесибин терең билген адистерди даярдоону талап кылууда. Бул иш ЖОЖдордун ишмердүүлүгүнө жараша болот. Бүгүнкү окуучуларга заманбап билим жана тарбия берүү үчүн аларды окутуунун жаңы технологияларын өз ишинде пайдаланууга үйрөтүү эң зарыл иштердин бири болуп саналат. Кыргызстандан экономика жана өндүрүштү башкаруу үчүн менеджерлер даярдалса, билим берүү менеджменти боюнча адистерди даярдоо же болбосо окуу колдонмолор жокко эсе.[27]

Маалымат өскөн коомдо адамдын бүгүн билгени тез эле эскирип, айрымдары жаңы маалыматтар менен алмашылып, эскирип, кечээ билгени бүгүн жарабай калууда, ошондуктан бүгүнкү билим берүүдөгү максат окуучуларды эбегейсиз маалымат океанынан өз ишмердүүлүгүнө тийиштүү маалыматтарды таба алууга үйрөтүү эң башкы маселе. Буга мектепти инновациялык мектепке өзгөртүүдө директордун

26 Э.Т. Авазова. Аты аталган макала. 188-б.
27 Э.Т. Авазова. Аты аталган макала. 188-б.

башкаруучулугунда турат. Бул үчүн билим берүү ситемасын «инновациялык менеджмент» башкаруу. Башкаруу –демек бул:

- алдын ала көрө билүү-келечекти үйрөнүү жана жасай турган иштин программасын түзүү;
- уюштуруу- ишкананын кош организмин куруу: материалдык жана социалдык;
- буйрук берүү-ишкананын жумушчуларын кыймылга келтирүү;
- макулдашуу-байланыштыруу жана бириктирүү, бардык иш аракеттерди жана күчтүү айкалыштыруу;
- көзөмөлдөө-бардыгы кабыл алынган эрежелер жана буйруктар боюнча жүрүшүн байкоо.[28]

## Билим берүүдө инновация

Азыркы учурда менеджменттин башкы артыкчылыгы инновация болуп эсептелинет. Салт катары биз инновация деп жаңылык киргизүү жыйынтыгын, жана анын негизги максаты башкаруунун өзгөртүү обьектисин жана экономикалык, социалдык, илимий- техникалык, экономикалык жана башка түрдүү эффектилерди түшүнөбүз. Окумуштуулардын изилдөөсүндө инновация түшүнүгү анын объектисине жана предметине көз каранды. «Инновация»[29] түшүнүгүнүн синоним маанилери болуп «жаңылануу», «ачылыштар», «ойлоп табуулар» терминдери эсептелет. Бири-бири менен мааниси боюнча айырмаланса да, каалаган учурда, бул түшүнүктөр чыгармачылык, ишмердүүлүк, креативдүүлүк жыйынтыктары менен байланышкан. Ошондой болсо да адистердин ою боюнча, эгерде креативдүүлүк жаңы

28 Э.Т. Авазова. Аты аталган макала. 188-189-б.

29 *Кыргыз педагогикасы* (энциклопедиялык окуу куралы) (Kırgız pedagogikası (entsiklopediyalık okuu kuralı)). Ред. Ү. Асанов, И. Бекбоев. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек 2004. 56-б.

идеяларды жылдырууга багытталса, анда инновациянын айырмаланган мааниси аны практикада ишке ашыруу эсептелет. Инновация түшүнүгү салыштырмалуу аз убакытта пайда болуп, педагогикалык ишмердүүлүктө кеңири орун алды. Жаңы билим берүү катары инновация (линг.)-тилдеги жаңы өзгөрүү (кубулуш), өзүнүн өнүгүшүндө жаңы маалыматтык технологиялардын колдонууга алынышы менен киргизиле баштады.[30]

Учурда мааниси боюнча чукул, бирок бири-биринен айырмаланган бир нече аныктама бар:

- кайсы-бир жаңы нерсени киргизүү менен жараянды жакшыртуу;
- жаңы идея, метод же орнотмо;
- жаңы идеяларды таасирдүү пайдалануу;
- өзгөрүү, анда ишмердүүлүктүн жаңы аспектисин пайда кылат;
- аткарылуучу чыгармачылык идея;
- экономикалык, техникалык, социалдык, педагогикалык жана башка областарда жаңы идеялар,ойлоп табуулар, ачылыштар менен байланышкан өзгөртүп түзүүлөргө жаңы киришүүлөр.[31]

Инновациялык жараян кыргыз тилинде жакындаш мааниде дагы жаңылык, пайда болуу, иштелип чыгышы, өздөштүрүлүшү, колдонулушу, жайылтылышы жана өзгөрүшү сыяктуу түшүнүктөрдү билдирет, ошондой эле инновация

30 Э.Т. Авазова. Аты аталган макала. 190-б.

31 О.Т. Абдылдаев, У.У. Бейшеналиева. Билим берүү системасында педагогикалык ишмердүүлүктүн инновациялык багытталышы (Bilim berüü sistemasında pedagogikalık işmerdüülüktün innovatsiyalık bagıttalışı) // *Вестник ИГУ.* № 30(2). 2011. http://arch.kyrlibnet.kg/uploads/IGU_ABDYLDAEV,BEYSHENALIEVA_2011-30.pdf, (Алынган датасы: 06.05.2019).

каражат жана жараян катары кайсы-бир жаңыны максатка ылайык киргизүүнү алдыга коёт. Жараянда колдонуудa инновация максатка, мазмунга, метод жана окутуунун методу жана тарбиялоого жаңылануну киргизүү, ошондой эле окутуучу менен окуучунун өз ара бирдикте ишмердүүлүктү уюштуруу. Билим берүүдө инновациялык жараяндын негизин түшүнүүдө эки негиздүү педагогиканын көйгөйүн билип алуу зарыл: жалпылоо жана алдынкы педагогикалык тажрыйбага тартуу; психологиялык-педагогикалык илимдеринин жетишкендиктерин практикада ишке ашыруу. Инновациянын маңызы, болгон бардык нерселердин эскириши менен аныкталат.[32]

Инновация боюнча дүйнө жүзүнө үлгү болгон япондор айтышат: «Бүгүнкү күн жөнүндө унут – эртенки күн жөнүндө ойлон». Биз «Бүгүнкү күн болсо тамак болот» дегенди кайталаганды жакшы көрөбүз.[33] Менеджменттин инновациялык багыты кандайдыр бир максаттар менен жаңы идеяларды системалык жактан издөөгө багытталган. Питер Друкер инновациянын негизги булактары деп ички жана тышкы чөйрөдөгү өзгөрүштөрдү эсептейт, мунун ар бир мекемеге жаңылыктарды киргизүүгө жана өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Илим жаатында кадр маселеси көбүн эсе экономикалык көйгөйлөргө, анын ичинде лабораториялык жабдуулардын эскириши жана аларда изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн мүмкүн эместигине; илимий иштин кадыр-баркынын төмөндөшүнө; таланттуу жаштарды илимий ишке тартуу үчүн аларды издөө жана тандоо системасынын начардыгына, натыйжасында илимий кадрларынын улгайышына, мурда аракеттенген илимий мектептердин начарлашына байланыштуу болууда. Соңку жылдарда чет өлкөлүк университеттерде жана башка окуу (илимий) мекемелерде стажировкадан өткөн же билим алган жаш изилдөөчүлөрдүн иштеп жаткан илимий структураларда иштешинин татаалдыгы көйгөй жаратып, бул таланттуу

32 О.Т. Абдылдаев, У. У. Бейшеналиева. Аты аталган макала; Э.Т. Авазова. Аты аталган макала. 190-191-б.

33 Э. Мамбетакунов, Т.М. Сияев. *Педагогиканын негиздери* (Pedagogikanın negizderi). Айат. Бишкек 2008. 259-б.

жаштарды өлкөдөн кетүүгө же иш чөйрөсүн алмаштырууга мажбур кылууда.[34]

Ошол эле мезгилде, Кыргызстандын бүтүрүүчүлөрү изилдөө иши үчүн керектүү компетенцияларга дайым эле ээ болушпайт. Илимдин маалыматтык базасынын алсыздыгы сыяктуу эле, чет өлкөлүк окумуштуулар менен байланыштардын жетишсиздиги, жалпыга таанылган дүйнөлүк «келтирилген цитаталар индексинин» кыргыз окумуштууларынын иштерине шилтемелердин жоктугу Кыргызстандын илимин тар, локалдуу көйгөйлөргө алып келип, илимий изилдөөлөрдүн жайы методологияларын таанууну жана киргизүүнү кыйындатат, өлкө үчүн маанилүү тармактардын, иштеп чыгуулардын жаңы багыттардан бөлүнүүсүн бекемдейт. Кыргыз Республикасында жалпы (негизги жана кошумча) жана кесиптик (негизги жана кошумча) билим берүү программалары ишке ашырылат. Билим берүү программалары инсандын жалпы маданиятын калыптандырууга жана коом турмушуна ыңгайлашуусуна, кесиптик билим берүү программасын аңдап тандап алышынын жана өздөштүрүшүнүн пайдубалын түптөөгө багытталган. Жалпы билим берүү программаларына төмөнкүлөр кирет:

- мектепке чейинки билим берүү;
- башталгыч жалпы билим берүү;
- негизги жалпы билим берүү;
- жалпы орто билим берүү;
- кошумча билим берүү.[35]



34 Э.Т. Авазова. Аты аталган макала. 191-б.
35 Билим берүү жөнүндө (Bilim berüü jөnündө) // *Кыргыз Республикасынын юстиция министрлиги.* http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1216, Алынган датасы: 07.05.2019; Э.Т. Авазова. Аты аталган макала. 191-б.

Кесиптик билим берүү программалары кесиптик деңгээлдеги ырааттуу жогорулатууга, тиешелүү квалификациядагы адистерди даярдоого багытталган.

## Билим берүү реформалары кечиктирилбеш керек

Билим берүү тармагындагы ийгиликтер ички карама-каршылыктарды анализдөө жана аны чечүүгө байланыштуу болот.[36] Эгерде, өкмөт экономика, саясий ж.б. маселелер менен алек болуп, билим берүүгө кезек келет деген планда жашасак, чөнтөгүндө диплому бар, бирок кесипкөй эмес жаштар, көчө толгон «революционерлер», турмуш жолун таба албай калган бекерпоздор, диний фанаттар, экстремисттер, керек болсо террористтер беш, он жыл ичинде эле коомду «отоо чөптөй» басып кетерин турмуш айкындап жатат. Андай жолго түшсөк, дагы бир саясий коомдук проблема туулат. Андыктан, билим берүү тармагынын өнүгүү ылдамдыгы бардык коомдук процесстерден алдыда жүрүшү эч болбосо катар жүрүшү зарыл.[37]

Алардын теория, педагогикалык тажрыйбалары саясатташпаган, түбөлүктүү адамзат маселесин көтөргөндүгү, өз ара ыктыярдуу адамдык карым-катнаштан келип чыккандыгы менен бааланат. «Педагогикалык кызматташтыктын»[38] теория-практикасын педагогика, психология илимдериндеги ири фундаменталдык ачылыш катары айтсак да жарашат. Педагогикалык кызматташтык мамлекеттин экономикалык, социалдык, саясий маселелерди чечүүгө негиздүү күч болмокчу. Кызматташтыктын педагогикасынын таасиринин натыйжасында таалим-тарбия процессинде өздөштүрүүнүн сапаты жакшырат, өз ара биргелешип эмгектенүү маданиятына жана адамдык мамиле түзүүгө үйрөнүшөт.

36 К. Жунушалиева. Учурдагы мектепти башкаруунун өзгөчөлүктөрү (Uçurdagı mektepti başkaruunun özgöçölüktörü) // *Шоокум*, №11. 2012. 13-б.
37 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.
38 *Кыргыз педагогикасы* (энциклопедиялык окуу куралы) (Kırgız pedagogikası (entsiklopediyalık okuu kuralı)). Ред. Ү. Асанов, И. Бекбоев. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек 2004. 88-б.

Тажрыйбанын натыйжасы качан гана коомдо билимге болгон таңсык-керектөө толук пайда болгондо; бул процессте эки тарап тең өз милдетин туура түшүнүп, так аткарганда; эки тараптын максаттары, милдеттери илимий негиздүү так аныкталганда; мугалим жана окуучунун чыгармачылык менен эркин, биргелешип эмгектенүү мезгилинде; мугалимдин маянасы анын жашоо-тиричилигин, үй-бүлөсүн толук канааттандырганда ишке ашат. Буга окшогон бир канча шарттарды айтууга мүмкүн, бирок алар анчалык маанилүү шарттар эмес. Ошентип келечекте билим берүү башчыларынан баштап, окуу жайларда таалим-тарбиялоону башкарууну ийкемдүү системага салсак окуу жайларда, коомдо демократиялуу, гумандуу билим берүүдө рыноктук система өз алдынча башкаруу жолуна түшөөр эле.[39]

Мына ошондуктан учурда жаштардын дүйнөгө болгон көз караштарын жаңыланган нукка буруу боюнча билим берүүнүн актуалдуулугу маанилүү экендигине педагогикалык коомчулукту ынандырууну демилгелесек туура болчудай. Жаңы нук дегенибиз табият кубулуштарынын пайда болуу, өзгөрүү, айлануу процесстерин, илимий теория, мыйзамдарды жашоо-турмуш, жалпы адамзат баалуулуктарына, коомдун өнүгүшү үчүн жана аны өнүктүрүүүчүн жаңы багытка буруу жана аны пайдалануу зарылдыгы келип чыгууда.[40]

Ааламдашуу жана миграция биздин маданият менен баалулуктарга жаңы өзгөчөлүктөрдүн киришин шарттап, улуттук билим берүү системасы дүйнөлүк тармактарга көбүрөөк тутамдашууга багыт алуу зарылдыгы пайда болууда деген ойдобуз. Андыктан азыркы мезгилде жалпы билим берүү системасында, анын ичинде орто мектептерде жаңычыл иш-аракеттерди жасоого карай багыт алуу мезгили курчуп жеткендей кырдаал түзүлүүдө.

Глобализациялык процесстердин натыйжасында Европалык мамлекеттердин ортосундагы чек аралар жоюлуп, ал эми ар кандай маданияттын өкүлдөрү кесиптик

39 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.
40 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.

ишмердикти уюштурууда жана күнүмдүк турмушта улам көп аралашып жаткан учурда дүйнөдө көп түрдүүлүктү «нарк» катары таануу зарыл болуп жатат. Мындай шартта билим берүү системасынын негизги максаты инсандын көп түрдүү өзгөрүлүп туруучу дүйнөдөгү, жекече жана коомдук турмушта жакшы жашоосун камсыздоочу жараандык жана кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо болуп саналат.

## Билим берүү реформасынын кыймылдаткыч күчү катары билимдүү мугалим

Бүгүнкү күндөгү билим берүү багытындагы реформалардын башында мугалимди адис кылып тарбиялоонун эң оптималдуу жолдорун издөө мезгилдин талабы болууда. Келечектеги мугалим студент кезинде эле мектепти түшүнүүгө тийиш. Ал үчүн теориялык билим практикага айланып, студент мугалимдик ишмердикти эмитен баштоого тийиш. Бүгүнкү күндүн негизги талабы заманбап мектепке – заманбап мугалим болуп жатат.

Албетте, мындай билим берүү багытында башкаруу авторитардык эмес, тескерисинче, ошол окутуу процессинин жүрүшүндө мугалим жана окуучу чыгармачылык менен эркин биргелешип түшүнүшүп ийкемдүү эмгектенүүсүнүн негизинде башкаруу процесси ишке ашат. Мында башкаруу процессинин өзгөчөлүгү болуп, эки тараптын катышкандыгы (окуучу жана мугалим). Албетте, мугалим жетектөөчү, жол көрсөтүүчү адамдын ролун аткараары белгилүү. Мындай башкаруу процессинде мугалим командир эмес, тескерисинче, окутуу-тарбиялоо процессинин максатын ишке ашырууну самаган билим берүүчү жетектөөчү күч, ал эми окуучу болсо билим керектөөчү.[41]

Таалим-тарбиялоодогу бул педагогикалык процесс эки жактан болгон сый-урмат, биргелешип чечүү-көмөктөшүү, ийкемдүү башкарууга алып келет. Коомдун керектөөсүнө

41 Э. Мамбетакунов, Т.М. Сияев. *Педагогиканын негиздери* (Pedagogikanın negizderi). Айат. Бишкек 2008. 77-б.

карата билим берүүнүн философиясынын идеологиясын ушул жаңы багытка буруу керек. Жаңы багыт дегенибиз билим берүүдө рыноктун идеясынын маңызын өз ара кызматташуу аркылуу бир максатты көздөй умтулушу.[42]

Мугалим менен окуучунун ортосундагы билим жана адам болууга умтулган кызыкчылыктар, ынандыруу аркылуу билим берүүнү башкаруунун эффективдүү жаңы багыттарына чыгуу парз. Муну педагогикадагы рыноктук башкаруу деп коркпой айтсак жарашат. Кызыкчылыктар деген сөз эртеңки финансы жана ар кандай урмат-сый, моралдык колдоо жана сапаттуу билим маселелерин түшүндүрөт. Ошол учурда ал келечекте финансы байланышына алып келиши мыйзам ченемдүү. Бирок, ал окумуштуу-практик мугалимдер педагогикадагы рыноктук мамиле деп, убагында аташкан эмес. Арийне, таалим-тарбиялоонун натыйжалуу технологиясын табышканы менен алар барктуу болуп азыркы коомдо ордун таба албай калгандай. Биз айтып жүргөн окутуунун интерактивдүү технологиялары кызматташтыктын педагогикасын турмушка ашыруунун формалары гана. Таалим-тарбия берүүнүн мазмун-маңызы педагогикалык кызматташтыкта жатат. Эми, мунун бары тилекке каршы, унутулуп баратат. Ушул теория, тажрыйбалар азыркы коомдун өнүгүү мыйзамына үндөш, бирок алгач аткаруу үчүн кылдат анализдөөнү, системага, схемага салууну, тырышчаактыкты, теориялык билимди, максатка талыкпай умтулууну талап кылар эле.[43]

## Билим берүүнүн сапаты

Билим берүү бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндөгү коомдук өнүгүүнүн эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн жана артыкчылыктуу багыттарынын бири болууда.[44] Адамдык капиталды түзүү жана адамдык потенциалды инсандын жана коомдун пайдасына жумшоо натыйжаларга жетүүгө жана

42 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.
43 Д. Султанкулов. Аты аталган макала.
44 К. Жунушалиева. Учурдагы мектепти башкаруунун өзгөчөлүктөрү (Uçurdagı mektepti başkaruunun özgöçölüktörü) // *Шоокум*, № 11. 2012.12-б.

XXI кылымдагы коомдун таламдарын канааттандырууга багытталган билим берүү системасын курууда мамлекеттин жоопкерчилиги өзгөчө экендигин көрсөтүп турат. Кыргыз Республикасы ата мекендик билим берүүнүн мыкты салттарына жана эл аралык тажрыйбага таянып, ийкемдүү, ачык, заманбап талаптарга ылайык, улуттук билим берүү системасын түзүүдө.[45]

Билим берүүнүн сапатын башкаруу көйгөйүн кароодо биз негизинен бир катар базалык түшүнүктөргө кайрылабыз, алар: сапат, сапатты камсыздоо, билим берүү, билим берүүнүн сапатын башкаруу, сапатты жакшыртуу. Билим берүүнүн сапаты – билим берүү процесси кандай болууга тийиш жана ал кандай максат үчүн кызмат кылуусу керек деген коомдо орун алган түшүнүктөргө билим берүү процессинин, анын натыйжаларынын ылайык келүүсүнүн чен-өлчөмүн туюндуруучу интегралдык мүнөздөмө.[46]

Билим берүүнүн сапаты азыркы учурда анын социалдык эффективдүүлүгүн шарттоочу төмөнкү факторлор: ишмердиктин бул же тигил чөйрөсүндөгү руханий маданияттын жана тажрыйбанын мыкты жетишкендиктерин камтыган мазмун; педагог кызматкерлердин жогорку кесиптик чеберчилиги; жаңы педагогикалык технологиялар жана аларга ылайык келүүчү материалдык-техникалык жабдуулар; калктын билим алууга болгон муктаждыгынын толуктугу аркылуу аныкталат.[47]

Билим берүү мазмуну боюнча эң татаал түшүнүктөрдүн катарына кирет. Биринчиден, билим алуу кандайдыр бир көлөмдөгү жана сапаттагы билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү өздөштүрүү; экинчиден, билим берүү –

45 А.И. Убайдуллаева. Орто мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруу (Orto mektepte bilim berüünün sapatın başkaruu) // *ОшМУнун жарчысы*. № 4(2). 2015. 211-б.

46 И.Б. Бекбоев. *Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери* (İnsanga bagıttap okutuu tehnologiyasının teoriyalık jana praktikalık maseleleri). Бийиктик. Бишкек 2011. 147-б; А.И. Убайдуллаева. Аты аталган макала. 211-б.

47 А.И. Убайдуллаева. Аты аталган макала. 211-б.

белгилүү бир тартипте уюштурулган окутуу процесси жана инсандын калыптанышы, өнүгүшү; үчүнчүдөн, билим берүү – билимдерди алууга жана берүүгө багытталган адамдардын аракеттеринин системасы катары каралат. Күндөлүк турмуштан байкалгандай, «билим берүү» термини биз элестеткен кеңири мазмунду толук чагылдыра албайт. Анткени, бул термин адатта мугалимдин аракетин же билим берүүчү мекемелердин гана ишин мүнөздөп калгандай көрүнөт.[48]

Чындыгында, бул термин аркылуу аныкталуучу түшүнүктүн мазмуну адамдын билимге ээ болуу процессин, ага жетекчиликти жана уюштурууну, акырында келип анын жыйынтыгын мүнөздөйт. Ошондуктан «билим берүү» түшүнүгүн өтө кеңири мааниде: окуучунун билим алуу, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу ишмердигин; окуучунун инсан катары калыптануу процессин; таалим-тарбия берүү процессинин жана аны ишке ашырууга түзүлгөн шарттардын жалпы комплексин, ошондой эле таалимчилердин иш-аракетин; акыры келип инсандын гармониялуу мүнөздөгү өнүгүшүн түшүнүү ылайык болот.[49]

Билим берүү сапатын башкаруу – билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, баалоо жана текшерүүгө алуу үчүн пландуу түрдө ишке ашуучу стратегиялык жана ыкчам иш-чаралардын системасы. Билим берүү сапатын жакшыртуу – Билим берүү сапатын башкаруу менен атайын максаттарга жетүү.

Билим берүү тармагындагы кемчиликтер, ата мекендик коомчулуктун өздүк керектөөлөрүнөн да тынымсыз артта калып келаткандыгы менен мүнөздөлөт. Ошондуктан бул абалга зарыл жооп билим берүү мейкиндигин реформалоо тегиздигинде гана жайланышкан болушу мүмкүн. Билим

48 А.И. Убайдуллаева. Аты аталган макала. 211-б.
49 *Кыргыз педагогикасы* (энциклопедиялык окуу куралы) (Kırgız pedagogikası (entsiklopediyalık okuu kuralı)). Ред. Ү. Асанов, И. Бекбоев. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек 2004. 68-б.

берүүнү реформалоодо билим берүүнүн мазмунун, башкарууну жана каржыны, педагогикалык адистерди, мониторинг процедураларын жаңылоо каралат.[50]

Билим берүүнү жаңылоого мажбурлаган факторлордун бири болуп – маалыматтын өтө тездик менен көбөйүшү эсептелинет. Статистикалык маалыматтарга таянсак, дүйнөдө XIX кылымда маалыматтын көлөмү 135 жылда, ал эми XX кылымдын 20-жылдарында – 60 жылда, 60-жылдарында – 15 жылда, 90-жылдары – 10 жылда, 2000-жылдары – 3 жылда эки эселенип турган экен. Алдын ала божомолдорго ылайык 2020-жылдары маалыматтын көлөмү 12 сааттын тегерегинде 2 эсе көбөйөт экен.[51] Мындай шартта мурдагыдай окуучулардын билимине басым жасоо пайдасыз жумуш экендиги көрүнүп турат. Бул жерде (малыматтын тездик менен топтолушунда) окуучулардын фактыларды эстеп калуусу эмес, алардын бул фактылардын арасындагы байланыштарды көрө алуусу жана түшүнүүсү маанилүү. Ошондуктан салттык предметтерден предметтик (билим берүү) областтарына өтүү башталды. Билим берүү областтары интеграцияланган курстарды өз ичине алышы мүмкүн. Экинчиден, билим алуу процессинен анын натыйжасына көңүл бурууга багыт алынды. Ошону менен бирге инсанга багытталган окутуу концепциясы калыптанып башталды, адистиктердин окуу пландарын түзүүгө кызыкдар тараптар катышып жатышат. Бул окутуунун натыйжалары үчүн жоопкерчиликтин күчөтүлүшүнө өбөлгө түзөт. Билим берүүнү реформалоо бардык деңгээлдерде окутуунун мазмунун калыптандыруу методологиясын өзгөртүүгө багытталган жана аны перспективада өлкөнүн өнүгүүсүнүн негизги векторлору менен байланышта тизмектештириши шарт.[52]

50 М. Алтыбаева. Кыргызстанда билим берүү системасын реформалоодогу проблемалар (Kırgızstanda bilim berüü sistemasın reformaloodogu problemalar) // *ОшМУнун жарчысы.* № 4(2). 2015. 7-б.

51 А. Бекбалаев. Аты аталган макала. 15-б.

52 М. Алтыбаева. Аты аталган макала. 7-б.

Стандарт – билим берүү системасынын коомдун керектөөлөрүнө шайкештигин аныктоонун бир жолу. Жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттары – бала бакчадан баштап чоңдорго чейин билим берүүдө бирдиктүү компетенттүүлүк мамиле методологиясында түзүлгөн. Ушул мезгилге чейин пайдаланууда болгон билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары билим берүүнүн мазмунун стандартташтырып, башкы көңүлдү окуп үйрөтүү процессин уюштурууга бурса, жаңы муундагы стандарт окуучулардын компетенттүүлүгү менен туюнтулган окутуунун натыйжаларын стандартташтырат. Демек, башкы көңүл ар бир окуучунун окуп үйрөнүүсүнүн конкреттүү натыйжаларына жана өз алдынча окуп үйрөнүү көндүмдөрүнө жетишүүгө карата шарттарга бурулушу абзел.[53]

## Корутунду

Билим берүүдөгү мурдагы мамилелерде (билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр (ББК)) окуучунун билимдүүлүк деңгээли аныкталат эле, б.а. окуучунун түшүнүктөрдү, эрежелерди өздөштүргөндүгүнө, көз караштардын, сапаттардын ж.б. калыптангандыгына зарыл билимдерге жана билимдерди бышыктоонун ыкмаларына ээ болгондукка маани берилип, студенттердин билими канчалык көп болсо, анын билимдүүлүгү ошончолук жогору деп эсептелинчү. Билим берүүдөгү жаңы компетенттүүлүк мамиледе окуп-үйрөнүүдө окуучунун бар билимдерге таянып ар кандай татаалдыктагы проблемаларды чечүүгө жөндөмдүүлүгү, алынган билимдерди практикада колдонгонго жөндөмдүүлүгү, анын личносттук потенциалдын өнүгүшү, проблемаларды өз алдынча чечүү тажрыйбасына ээ болгондугу менен окутуунун натыйжалары аныкталат.

53 Дамира Тагаева. *Орто мектепте геометрияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн дидактикалык шарттары (7-9-класстардын мисалында)* (Orto mektepte geometriyanı okutuu protsessinde okuuçulardın çıgarmaçılık jөndөmdüülüktөrün өnüktürüünün didaktikalık şarttarı (7-9-klasstardın misalında)). Кандидаттык диссертация. Ош гуманитардык-педагогикалык институту. Ош 2017. 26-27-бб; М. Алтыбаева. Аты аталган макала. 7-б.

Окутууга мындай мамиледе, б.а. компетенттүүлүк билим берүү системасында мугалимдин функциясынын ролу олуттуу өзгөрүүгө дуушар болот. Ал тренер, насаатчы, менеджер, модератор, ментор, консультант, долбоорлоочу ж.б. жаңы функцияларды аткарышы зарыл болуп калды.

Бул жерде билим берүү тармагындагы реформалардын өзөктүк проблемалары таамай көрсөтүү керек. Негизи билим берүүнүн эң төмөнкү тепкичинен тартып эң жогорку баскычына чейинки бардык тармагы комплекстүү талдоодон өткөрүү керек. Айрыкча бүгүнкү күндөгү мектеп жана комплекстүү билим берүүдөгү анын ролуна өзгөчө кеңири бөлүү керек.

Ошондуктан Кыргыз билим берүү системасынын учурдун шарттарына ылайыкташып реформаланышы, билим берүү тармагындагы жаңылыктардын байма-бай колдонулушу, билим берүү тармагында иштеген кишилердин башкаруу же менеджерлик сапаттарын өздөштүрүшү шарт болуп калды.

## Пайдаланылган адабияттар


Абдылдаев О.Т., У.У. Бейшеналиева. Билим берүү системасында педагогикалык ишмердүүлүктүн инновациялык багытталышы (Bilim berüü sistemasında pedagogikalık işmerdüülüktün innovatsiyalık bagıttalışı) // *Вестник ИГУ.* № 30(2). 2011. http://arch.kyrlibnet.kg/uploads/IGU_ABDYLDAEV,BEYSHENALIEVA_2011-30.pdf, (Алынган датасы: 06.05.2019).

Авазова Э.Т., Билим берүү системаларын башкарууга инновациялык мамилелер (Bilim berüü sistemaların başkaruuga innovatsiyalık mamileler) // *ОшМУнун жарчысы.* № 4(2). 2015. 188-193-б.

Алтыбаева М., Кыргызстанда билим берүү системасын реформалоодогу проблемалар (Kırgızstanda bilim berüü sistemasın reformaloodogu problemalar) // *ОшМУнун жарчысы.* № 4(2). 2015. 6-8-б.

Бекбалаев А. Билим берүү реформасы-Жаңылануу багытынын жаңы бийиктиги (Bilim berüü reforması-Jaŋılanuu bagıtının jaŋı biyiktigi) // *Кыргыз туусу гезити.* № 34. 26.06.2009. 15-бет.

Бекбоев И.Б. *Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери* (İnsanga bagıttap okutuu tehnologiyasının teoriyalık jana praktikalık maseleleri). Бийиктик. Бишкек 2011.

Билим берүү жөнүндө (Bilim berüü jөnündө) // *Кыргыз Республикасынын юстиция министрлиги.* http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1216, Алынган датасы: 07.05.2019.

Болочок мугалим мектептен даярдалууга тийиш (Boloçok mugalim mektepten dayardaluuga tiyiş) // *Кут билим гезити.* 15.05.2015. http://kutbilim.kg/2015/05/15/bolochok-mugalim-mektepten-dayardaluuga-tiyish/, (Алынган датасы: 30.04.2019).

Жунушалиева К. Учурдагы мектепти башкаруунун өзгөчөлүктөрү (Uçurdagı mektepti başkaruunun özgöçölüktörü) // *Шоокум*. № 11. 2012. 11-13-бб.

*Кыргыз педагогикасы* (энциклопедиялык окуу куралы) (Kırgız pedagogikası (entsiklopediyalık okuu kuralı)). Ред. Ү. Асанов, И. Бекбоев. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек 2004. 173 б.

Мамбетакунов Э., Сияев Т.М. *Педагогиканын негиздери* (Pedagogikanın negizderi). Айат. Бишкек 2008.

Методикалык сунуштар (Metodikalık sunuştar) // *Кут билим коомдук-саясий гезит.* №24-25. 18.07.2008. 5-б.

Өлкө келечегине, көзкарандысыздыгына доо кетирген эмне? (Ɵlkɵ keleçegine, kɵzkarandısızdıgına doo ketirgen emne?) // *Агым*. №23. 12.06.09. 10-б.

Султанкулов. Д., Жаңы багытка канткенде барабыз? Билим берүүнү реформалоо жөнүндө ой (Jaŋı bagıtka kantkende barabız? Bilim berüünü reformaloo jɵnündɵ oy) // *Кут билим коомдук-саясий гезит.* 19.10.2015. http://kutbilim.kg/2015/10/19/zha-yi-bagyitka-kantkende-barabyiz-bilim-ber-n-reformaloo-zh-n-nd-oy/, (Алынган датасы: 30.04.2019).

Тагаева Дамира. *Орто мектепте геометрияны окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн дидактикалык шарттары (7-9-класстардын мисалында)* (Orto mektepte geometriyanı okutuu protsessinde okuuçulardın çıgarmaçılık jɵndɵmdüülüktɵrün ɵnüktürüünün didaktikalık şarttarı (7-9-klasstardın misalında)). Кандидаттык диссертация. Ош гуманитардык-педагогикалык институту. Ош 2017.

Турганбаева М. Азыркы шартта айыл мектеби (Azırkı şartta ayıl mektebi) // *Эл агартуу.* № 1-2, 2009. 34-39-бб.

Турдукулов Ф.З., Касымова Э.Г. *Менеджменттин негиздери* (Menedjmenttin negizderi). Бийиктик. Бишкек 2006.

Убайдуллаева А.И., Орто мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруу (Orto mektepte bilim berüünün sapatın başkaruu) // *ОшМУнун жарчысы.* № 4(2). 2015. 210-213-бб.

Эргешов А.А. Билими күчтүү миңди жыгат (Bilimi küçtüü miŋdi jıgat) // *Кут билим коомдук-саясий гезит.* № 24-25. 12.06.2009. 4-б.

## Structured Abstract

In this article, current issues of educational reforms in Kyrgyz Republic are interpreted. By evaluating the pros and cons of the present educational system and the opportunities offered by independence, it is emphasized that education ought to be the main direction and strategy in the development of the country. It is stated that education is no more a work carried out only by educators but also should be contributed by all institutions and organizations of Kyrgyz Republic, as well as the civil society. Because in small countries like Kyrgyzstan, which does not have underground energy sources such as oil and gas, the biggest capital is composed of well-educated, qualified young people. Therefore, there is the requirement of redistribution of task sharing in education sector, also, business sector, civil society, parents, local governments, government and others should clarify the tasks they will take on.

In order to make reforms in the education sector, there are some requirements; firstly making announcement to public as much as needed, secondly, modernizing the philosophy of education according to the present conditions (market economy, democracy and humanism), thirdly, equipping the educational institutions with innovative technology, and finally, preparing curriculum accordingly.

While reforming, it is important that the ones who work in the sector should be open to innovative technologies and maintain beneficial experiences inherited from the Soviet era and protect national hallmark in education. Moreover, innovation should not be understood only as top technological novelties but also improvements promoted and internalized in the world; such as patterns of behavior in the classroom, extension or reduction of class hours, micro and macro environmental changes which may help students, conveyance education to families, etc.

In terms of innovative technologies, transmitting internet to every school in every village of the country and equipping those

schools with modern technological tools are the priorities of Kyrgyz government. In this respect, that parents assist to the government and provide materials like smart boards freely for the sake of good education for their children is the necessity of time.

Increasing the quality of education strongly depends on creating good conditions for teachers and educators. In order that teachers work willingly, the wages should be increased. As the government is not able to accomplish this, private schools may be established, and parents may get involved in payment of teachers working in public schools. If parents pay for the education, they would contemplate more about children's education. Also, the $45^{th}$ article of the constitution stating free education had better be changed; education in public schools in towns has already given fee-paying illegally for a long time.

Education sector had better cooperate with market economy and yield with the new age. These new relations will increase the quality of education, enable sympathetic competition to increase between students and teacher, increase the presence, responsibilities and scrutiny of parents in the education, and end corruption in the sector. Terms "interests" and "conflict of interests" ought to be used positively in the field of education, and be determinant on the cooperation of education and the market economy. It is clearly seen that Kyrgyz education system lacks whether of successful managers or management skills of educators. Thus, the cooperation between education system and the market economy would be helpful to fill this gap as soon as possible.

However, stakeholders in Kyrgyz administration postpone the reforms by the reason of financial difficulty. Yet, this unfortunate decision would increase the number of people who probably will harmful for the society as well as the number of unqualified citizens who will be able to speak authoritatively in the country in next one or two decade. The government, at least, should maintain the realization of reforms in the field of education with the other fields it is in charge. In case it cannot provide opportunity, the government should cooperate with the society. Also, the educators

and the ones who are interested in education sector, and the ones who has an expectation or interest from the sector should ask for the rights from the government, utter loudly their expectations.

Malfunctions in the field of science brings about brain drain and demotivation of return of newly graduate scientists from foreign countries to Kyrgyzstan, so they negatively affect the country's science and education sectors. Therefore, it is a strict condition for the educational reform to be multipronged and international. Experience exchange and the internship opportunities with the foreign countries should be encouraged. Also, initiatives to provide foreign countries' recognition on diplomas received from national faculties of education should be undertaken. There should be the prerequisite of knowing at least one foreign language for educators and prospective teachers. This initiative would be crucial for the international acceptance, experience share and self-improvement of Kyrgyz education and educators. Moreover, educators should see themselves important, and be convinced that they perform a sanctified activity and compose the intellectual part of the society.

Since the explosion of information derived from the internet, the students should be taught not the information but the connection between a group of information, their consequences and effects, and reflections. Properties such as students' ability to solve problems, the skill to transfer theorical knowledge to the practice, improvement of individual skills ought to involve in new education's priorities. Therefore, the classical profile of teacher should change, and the teacher should have new characteristics like master, manager, moderator, mentor, advisor and designer. It would be better for the new system if the teacher becomes the director instead of a commander or leader. Also, grabbing students' attraction and convince them should be one of the duties of the teacher. The education reforms in Kyrgyz Republic are proceeding by experiencing its pros and cons, slowly, but on the right direction in which the way society demanded.